**Кыргыздын сарыбагыш уруусунун белгилүү манабы айтылуу Төрөгелди баатырдын небереси алгачкы жазма акын Шамыркан уулу Молдо Кылыч Кочкор өрөөнүнүн Бугучу деген жеринде 1866-жылы жарык дүйнөгө келген. Чоң атасы неберем менин жолумду жолдоп, эл бийлеп, журт башкарат, кылычтай курч болсун деген тилек менен атын Кылыч деп коёт. Бирок Төрөгелди баатыр үмүттөнгөндөй ата бабаларынын изин издебей байлык, бийликти эңсебей калем кармап, акын болуп кетет.**

Кочкор", "Керме тоо", "Жинди суу", "Кыз-жигит", "Мал казал", "Жатакчылар", "Чүй канаттуулары", "Бүркүттүн тою", " Чогулушкан бийлер", "Качанак" "Молдо Сулайман", "Молдо Дүйшө". "Сапар", "Байтайлак" аттуу жана башка этикалык ойлорго, накыл сөздөргө, тарбия-таалим идеяларына бай сатиралык поэмалары жана лирикалык ырларына жылуу пикирлерин айтып келишет.

Айталык, филология илимдеринин доктору, профессор Лайли Үкүбаева акындын 150 жылдык маарекесине карата жазган макаласында: "Молдо Кылыч кыргыз бойлуу семизче, чоңураак кара мурут, ээгине чокчо кара сакалы болуп, жаактарына сакал чыкпаган. Кийимди өтө таза кийинип, денин таза тутуп, диндар болгон. Манап насилинен болсо да эл бийлеп, калк ишине катышууга көңүл бурбаган. Өтө жарды болуп, азыноолак дыйканчылык менен оокаттанган. Эртели-кеч суу бойлоп басып, таза жерге олтуруп, ар түрдүү өсүмдүктү байкап коюп, айланасындагы табигаттан тажрыйба алып, курт-кумурска, канаттуулардын алдуу-алсыздарын текшерип, анан өлөң кылып жазган"

# Өз доорунун чыныгы агартуучусу жана реалисти болгон



акындарынын ичинен алгачкылардан болуп, канаттуу куштарга атайын кайрылып, алардын табият ыроологон жашоо тиричилигин, адам менен болгон алака-мамилесин, жаратылыштагы ордун, кулк-мүнөздөрүн сүрөттөйт. "Бүркүттүн тою" аттуу поэмасында канаттууларга турмуштук роль аткартып, баштагы көркөм полотнону турмуш сахнасына айландырып жандандырган. Чыгармада бүркүт "Канаттууда" сүрөттөлгөн жөнөкөй эле "кара барчын чоң бүркүт" эмес, ал баатыр бүркүт. Молдо Кылыч кыргыз жеринин жаратылышын фауна, флорасынын кереметин мыкты билген феномен акын болгон. Ал эми "Керме тоосунда" ата-бабаларыбыз жердеген жерди жөн гана сүрөттөбөптүр. Ырдын маани-маңызына тереңдеп кирсек ал сөз менен Кыргызстандын географиялык картасын түзгөн экен. Анын түндүк, түштүк, чыгыш, батышынын кайсы эл менен чектелгендиги (мамлекеттер деп айтылбайт, бирок мамлекеттердин уңгусун түзгөн улут жөнүндө сөз болот) ырда таасын берилет"деп баса белгилеген.

## *Маданий мурастары куугунтукка алынган*

Акындын эл арасынан жыйналган чыгармалары ал түгүл 1911, 1925, 1946- жылдары басмадан басылып чыккан "Зар заман", " "Кысса-и зилзала", "Иргелген казалдар" аттуу китептери өткөн советтик мезгилдин айрым бир алысты көрө албаган саясатчыларынын айынан жарыкка чыгууга тыюу салынган кол жазмалардын катарында катылып турган. Чыгармаларын изилдеген белгилүү адабиятчы, изилдөөчү Тазабек Саманчин куугунтукка алынган.

Мелис Абакиров Молдо Кылычтын чоң аталаш агасы залкар комузчу, мүнүшкөр Кудайберген Үркүнчиев тууралуу даректүү повесть жазганда санжырачы аксакалдардан сураштырып, Төрөгелди баатырдын балдарынын салаңдаган куш мурун экенин угат. Молдо Кылычтын Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон жалгыз уулу Тобокелдин майданга аттанаар алдында документке жылаңбаш түшкөн кичинекей сүрөтүн таап алып, эг[illegible] мен өлкөбүздүн желегинин авторлорунун бири, белгилүү сүрөтчү Бекбосун Жайчыбековго портретин тарттырып, китебинин авантитулуна бериптир.

## *Кагазда калган эскерүүлөрдөн:*


**Залкар манасчы Саякбай Каралаев: "Маданияттын эң мыкты үлгүсү Кылычта бар"**

**1956-жылы Молдо кылычтын чыгармалары жөнүндө болгон талкууда акын тууралуу мындай пикирин айтыптыр:**

Кылычтын жазып кеткен чыгармалары көп. Мен бала кезимде Кылыч элдин тарыхын көп айтып, элдин сүйгөн акыны эле. Молдо деп аталганы "Чаар китептен сабатым чыккан" дейт. Ошол кездерде айтып берген ырлары али да эсимде турат. Мүмкүн катары ушундай кишилерди урматташ керек. Маданияттын эң мыкты үлгүлөрү Кылычта бар. Ошондуктан анын чыгармаларын балдарга чыгарып берсе жакшы болоор эле. Алардын билимдүү азаматтардан болуп өсүшүнө зор таасир кылмакчы.

**Ыбырайым Абдырахманов, фольклорчу, манас жыйноочу: "Караңгы доордон суурулуп чыгып, акыйкатты айтып чыккан"**

1900-жыл үстүндө мен кат сабатсыздыгымды толук жоюп калган убактым эле. Мен да "Зар замандыˮ жаттап



Беш жашка чыкканда атасы көз жумат. Кичинесинен зирек өскөн Кылыч кудай жолунда жүргөн агасы Өтөмбай ачкан медреседен кат сабатын жоёт. Эрезеге жеткирип, үйлөндүрүп-жайландырган агасы Рүстөмбектин, көп узабай апасы Түңүлдүн каза болушу оор кайгыда калтырат. Төрөгелдинин балдары менен жакын санаалаш болуп жүргөн чүйлүк башкалардан кыйла билимдүү делген Мамбеталы молдо Кылычтын билимге ынтызарын жактырып, Чүйгө чакырганда үй-бүлөсү менен көчүп барып, эки жыл чогуу жашап, таалим тарбиясын алат. Диний китептерди гана эмес мусулман жазуучуларынын адабий чыгармалары, татар тилинде чыккан жаңы гезит-журналдар менен тааныша баштайт. "Чүй баяны" аттуу белгилүү поэмасын жазат.

Кыргыз жерине орустар көчүп келип, кыштактар салына баштаган кезде караңгы элди сабаттуу болууга үндөп, балдарын окууга жибергиси келбегендерге түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Өзү окуган медреседе балдарды кыргыз тилинде окута баштайт. Кийин окуучуларынын бири чыгармаларын көчүрүп жазып элге окуп берип, атын таанытат. 1911-жылы Казанда "Кысса зилзала" аттуу поэмасы араб алфавити менен жарыкка чыгат.

Изилдөөчүлөрдүн пикирине таянсак, Молдо Кылычтын чыгармалары өзү кагазга жазып, кайрадан көчүрүлүп, колдон колго өтүп, тарагандыктан калайык-калктын дээрлик көбү чыгармаларын жатка билген. Ал кездеги акындардын ырлары жарыкка чыкмак түгүл атын атоого тыюу салынган "катаал" жылдарда ырлары айтуучулар тарабынан алымчаланып, кошумчаланса да акындын талантын сыйлагандар тарабынан эл оозунан уккан ырларын чогултуп, жыйнап Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна тапшырылган.

## Накыл сөздөргө, этикалык ойлорго бай

Акындын көркөм мурастарын изилдеп чогулткан адабиятчы окумуштуулардын маалыматына караганда Молдо Кылыч башка акындардай болуп, аш-тойлордо ырдаган эмес. Чыгармалары табиятты жан дили менен сүйүп, кубулуштарын жан дүйнөсүнө сиңирип, адамдарды жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга чакырык таштагандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. "Чүй баяны", "Зар заман". "Зилзала", "Керме тоо", "Канаттуу", "Кара


**Кыргыз эл жазуучусу Кеңеш Жусупов акындын 150 жылдык маарекесине арналган жыйында мындай пикирин айткан:**

-Эгемендиктин чейрек кылымдык мезгили Молдо Кылыч Шамыркан уулунун бейнесин кыргыз адабиятынын жана маданий тарыхынын барактарына кайрадан калыс чагылдыруунун кезеңи болду. Бай-манаптар жана алардын урпактары "эзүүчүлөрдөн жана прогресске каршы күчтөрдөн болгон" деген марксисттик-лениндик түшүнүктүн айынан 1917-жылы эле каза болгон Кылыч Шамыркан уулу да советтик режимдин "душманы" катары каралган.1949-жылга чейин жарыяланган эмгектери китепканалардын ачык колдонула турган жайларынан алынып ташталган. Молдо Кылычтын канчалаган мурастары кийинчерээк чогултулуп, цензурадан өткөрүлгөнүн кайрадан тактоо керек болуп турат. Анын кээ бир кол жазма эмгектери Улуу Үркүн маалында Кытайга чейин жеткирилип, акыры изи суугандыгы жөнүндө жоромол кептер бар, аларды да иликтөө абзел".

## Акын дыйканчылык менен жан сактаган

Кыргыз Эл жазуучусу Мелис Абакировдун мындан төрт жыл мурда акындын дүйнөдөн кайтканынын 100 жылдыгына арнаган эскерүүсүндө окурманды кызыктырган мындай кызыктуу маалыматтар бар. Жазуучу "Адабият" басмасын жетектеп турганда Молдо Кылычтын "Казалдарын" 28 миң нускада чыгарат. Эскерүүлөрдөн сүрөтүн тарттырып, китепке берүүгө ал түгүл бейнесин сүрөттөгөнгө бир да сүйлөм таба албайт. Кийин эл жазуучусу Кеңеш Жусупов Тазабек Саманчиндин өздүк архивинен Белек Солтоноевдин жазганын таап алып, "Байыркынын издери" аттуу китебине ал тууралуу эссе жазат. Анда Белек Солтоноевдин эскерүүсүндө мындай деп жазылган экен:

-Мен 1913-жылы апрель айында Ат-Башы, Нарындан келе жатып, Кара Кочкордон Кылычка жолугуп, төрт беш күн бирге жүрүп калдым. Ал бети кызылдуу, сепкили жок, жүзү абдан толук, тегерек чоң кара көздүү, орто жоюп калган убактым эле. Мен да "Зар заманды" жаттап алып, элге тынымсыз айтып берим жүрдүм. 1922-жылы Кайым Мифтаков Тянь-Шань тарапка эл адабиятын жыюуга барганда "Зар заманды" жазып, биринчи болуп тапшыргам. 1939-жылы Абдыкалык Чоробаев Жумгал районунан таап, "Зар заманын" тапшырды. Молдо Кылыч күчтүү, кылдат акын экендигинде талаш жок. Караңгы доордогу, чүйрөдөгү артта калган билимсиз коомдон



суурула чыгып, акыйкатты айтып чыккан.

1956-жылдын сентябрь айында Кыргыз ССР Илимдер академиясында өткөн кеңешмеде казактын атактуу жазуучусу Мухтар Ауэзов: "Мен Молдо Кылычтын чыгармаларын кыргыз калкынын кеңеш доорундагы урпагы окуп-билүүсү керек деп эсептеген кишилердин катарындамын" деп айткан экен.

Кыргыздын алгачкы агартуучуларынын көч башында турган реалист акын кыргыз элинин улуттук боштондук көтөрүлүшүнө катышып, куралган колдун алдыңкы катарында болгон. 1917-жылдын күзүндө катуу оорудан 51 жашында дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Төрөгелди чоң атасынын жанына коюлган.

**Даярдаган: Бурулсун ДЫЙКАНБАЕВА.**